**КАРАЛДЫ**

**№4 Педагогикалык**

**кеңешме**

28. 03. 2019 жыл

**БЕКИТЕМИН**

**№82 ЖББОМнын**

**директору**

**Исраилова А.И**

28 03. 2019 жыл

**Окутуу процессинде пайда болгон окуучулар ортосундагы пикир келишпестиктен же социалдык, диний, улуттук жана башка басынтууларга дуушар болгондорунан келип чыккан маселелердин чордонунда жаралган чыр чатак, арызданууларды кароонун ЖОБОсу**

## *1. Окуучулар ортосундагы пайда болгон маселенин каралышы.*

Окуучулар ортосундагы пикир келишпестиктер, окуучулардын ортосунда кандайдыр бир басынтуунун негизинде пайда болгон маселелер боюнча арыздануулар окуучулардын класс жетекчилери, мектептин тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары жана социалдык педагогдун катышуусунда каралат, эки тараптын арыздануусу боюнча маселени ортого коюп чечишет. Жаралган маселенин жагдайына жараша мектеп уставынын жана эки тараптуу келишимдин негизинде иш алып барылат. Маселенин жагдайына жараша алгачкы эреже боюнча арыздар кабыл алынат жана каралат. Эгер кооптуу маселе жаралып мыйзам бузуу тактalса мыйзамдын негизинде иш алып барылат.

## *2. Окутуу процессинде мугалим менен окуучунун ортосунда пайда болгон чыр-чатак , арыз-даттуулардын каралышы.*

2.1. Эгер чыр-чатак маселе мугалим менен окуучунун ортосунда жаралса класс жетекчинин сүйлөшүүсү, андан кийин социалдык педагогдун кийлигишүүсүндө каралат.
Эгерде маселе чечилбесе мектептин тарбиялык иштер боюнча орун басарынын кароосуна жиберилет. Маселе ырааттуулук менен, мектептин уставына ылайык, психологиялык, моралдык жактан адам укуктарын сактоо менен чечилет.

2.2. Маселени чечүү биринчи инстанциядан мүмкүн болбой калганда, мектептин директорунун арыздарды жана даттануулардарды мектеп уставынын жана эки тараптуу келишимдин негизинде кароосунда жүргүзүлөт.

Сканировано с CamScanner